DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



## *СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ*
## *СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *SOCIOLOGICAL SCIENCES*

*Турсалиева Г.Ж.*

# УЮМДУН ИМИДЖИ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУН МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ШАРТЫНДА КУРАЛ КАТАРЫ

*Турсалиева Г.Ж.*

# ИМИДЖ ОРГАНИЗАЦИИ КАК ИНСТРУМЕНТ В УСЛОВИЯХ МОДЕРНИЗАЦИИ ИНСТИТУТА ОБРАЗОВАНИЯ

*G. Tursalieva*

# THE IMAGE OF THE ORGANIZATION AS A TOOL IN THE CONDITIONS OF MODERNIZATION OF THE INSTITUTE OF EDUCATION

*УДК: 316.346.*

*Бул макалада автор билим берүү системасынын институционалдык мүнөздөмөлөрүн азыркы коомдун талаптарына жана чакырыктарына шайкеш келтирүүнүн зарылчылыгын калыптандыруу менен билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарын талдоого кайрылат. Макалада каралган маселе бул билим берүү уюмунун имиджи туруктуулукту жана социалдык коргоону, жумушка канааттанууну жана бүтүндөй коомдун өнүгүүсүн камсыз кылуучу курал катары. Билим берүү уюмунун туруктуу позитивдүү имиджи мамлекет тарабынан белгилүү бир күчкө ээ болуу эффектисин берет – бул атаандаштыкдабилим берүү чөйрөсүндө гана эмес, өлкөнүн башка жашоочөйрөлөрүндө билимдин резервин түзөт деген мааниде каралат. Макала имиджди калыптандыруу боюнча практикалык иш-чаралар үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган. Макалада билим берүү мекемелеринин имиджи концепциясынын маңызы ачылып, университеттин имиджинин түзүүчү компоненттери жана өзгөчөлүктөрү изилденген, билим берүү кызматтарын керектөөчүлөрдүн артыкчылыктарын изилдөөнүн натыйжалары жана университеттин имиджин жакшыртуу сунуштары берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү, социалдык институт, имидж, модернизация, коом, инновация.*

*В настоящей статье автор обращается к анализу различных этапов развития системы образования, формулируя вывод о необходимости приведения институциональных характеристик системы образования в соответствие с требованиями и вызовами современного общества. В данной работе рассматривается вопрос об имидже образовательной организации, как инструменте способным в большей степени обеспечить стабильность и социальную защиту, удовлетворенность трудом и развитие всего общества. Устойчивый позитивный имидж образовательной организации дает эффект приобретения государством определенной силы – в том смысле, что создает запас знаний в условиях конкуренции не только в сфере образования, но и в других сферах жизни страны. Статья содержит обзор материалов, необходимых для практической деятельности по формированию имиджа. В статье раскрыта сущность понятия имиджа образовательных учреждений, изучены составляющие компоненты и исследованы особенности имиджа вуза, представлены результаты исследования предпочтений потребителей образовательных услуг, предложены рекомендации по совершенствованию имиджа вуза.*

***Ключевые слова:*** *образование, социальный институт, имидж, модернизация, общество, инновация.*

*In this article, the author turns to the analysis of various stages of the development of the education system, formulating a conclusion about the need to bring the institutional characteristics of the education system in line with the requirements and challenges of modern society. This work discussed the issue of the image of an educational organization as a tool that is more capable of ensuring stability and social protection, job satisfaction and the development of the whole society. A stable positive image of an educational organization gives the effect of acquiring a certain power by the state - in the sense that it creates a reserve of knowledge in a competitive environment not only in the field of education, but also in other areas of the country's life. The article contains an overview of the materials necessary for practical activities in the formation of the image. The article reveals the essence of the concept of the image of educational institutions, the constituent components are studied and the features of the image of the university results of a study of the preferences of consumers of educational services are proposed, presented, recommendations for improving the image of the university.*

***Key words:*** *education, social institution, image, modernization, society, innovation.*

Заманбап мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү көп мезгилде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуучу билимдүү жана компетенттүү адистердин жана технологиялардын болушунан көз каранды. Ошол себептен улам билим берүү келечек үчүн принципиалдуу иштеген, жарандык укуктун, коомдун экономикалык, адеп-ахлактык, руханий потенциалын алдын ала аныктаган коомдун социалдык өнүгүүсүнүн институту болуп эсептелинет.

Азыр билим берүү жөн гана шартсыз баалуулук эмес; ал мамлекеттин, облустун, шаардын, ар кандай кесипкөй жамааттардын, ата-энелердин, балдардын кызыкчылыктарын байланыштырып турган социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсү катары калыптана баштады.

Ошондуктан келечегин ойлогон мамлекеттер билим берүүнүн бүгүнкү, эртеңки күнүн гана эмес, узак

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



мөөнөттүү келечегин ойлоо менен аракеттене баштashты.

Ал эми жогорку билим берүү сектору бул муктаждыктарды канааттандыруучу институттардын бири. Азыркы учурда дүйнөдө эл аралык деңгээлдеги орду бийик сапаттуу жогорку билим берүү системалары студенттерди, изилдөөчүлөрдү, долбоорлорду жана идеяларды улуттук чек аралар аркылуу алмашуу менен глобалдык өнүгүүгө салым кошууда.

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Адамдык өнүгүү индексин (Human Development Index) эсептөөдө билим деңгээли коомдук өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары каралат.

Индекс өлкөнүн жетишкендиктерин анын калкынын билим деңгээлинин эки негизги көрсөткүч боюнча өлчөйт:

1. Чоңдордун сабаттуулугунун индекси (салмактын 2/3 бөлүгү).

2. Башталгыч, орто жана жогорку билим алган окуучулардын жалпы үлүшүнүн индекси (салмактын 1/3 бөлүгү).

Билим берүүнүн бул эки өлчөмү 0 дөн (минималдуу) 1ге (максимум) чейин сандык маанилер менен белгиленет. Өнүккөн өлкөлөрдө эң аз чеги 0,8 балл болушу керек деп эсептелинет.

БУУнун 2020-жылдагы билим деңгээлинин индекси боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн рейтингин алып карап көрөлү. Бул көрсөткүч статистиканы берүүнү каалаган өлкөлөр боюнча гана берилген.

Төмөндөгү таблицада 189 мамлекеттин индексинин рейтингинин ичинен алдынкы орундагы 10 мамлекет жана мурдагы Советтер Союзунун курамына кирген мамлекеттердин рейтингдери тандалып көрсөтүлгөн.

*Таблица 1*

**Билим деңгээлинин индекси боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн рейтинги**
**United nations development programme: education index 2020.**

| Рейтинг | Мамлекеттер | Индекс |
|---|---|---|
| 1 | Германия | 0.943 |
| 2 | Норвегия | 0.930 |
| 3 | Улуу Британия | 0.928 |
| 4 | Финляндия | 0.927 |
| 5 | Исландия | 0.926 |
| 6 | Жаңы Зеландия | 0.926 |
| 7 | Австралия | 0.924 |
| 8 | Ирландия | 0.922 |
| 9 | Дания | 0.920 |
| 10 | Швеция | 0.918 |
| 16 | Литва | 0.898 |
| 20 | Латвия | 0.883 |
| 21 | Эстония | 0.882 |
| 26 | Грузия | 0.862 |
| 32 | Беларусь | 0.838 |
| 35 | Казахстан | 0.830 |
| 39 | Россия | 0.823 |
| 47 | Украина | 0.799 |
| 64 | Армения | 0.740 |
| 70 | Кыргызстан | 0.730 |
| 71 | Узбекистан | 0.729 |
| 80 | Азербайджан | 0.711 |
| 82 | Молдова | 0.711 |
| 96 | Таджикистан | 0.682 |
| 111 | Туркменистан | 0.653 |

Таблицада Кыргызстан билим деңгээлинин индекси боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн рейтингинде 70-орунду ээлеп 0.730 өлчөмү менен өнүккөн өлкөлөрдүн рейтингинен 0,8 баллынан аз көрсөткүчтү берди. [2,1].

Бирок билим деңгээлинин индекси, ал кыйла универсалдуу көрсөткүч болсо дагы билим берүүнүн сапатын чагылдырбайт,кээ бир мамлекеттин жалпы калкынын билим деңгээлинин индекси жогору болгон менен сапаты кээ бир учурларда өтө төмөн болушу толук мүмкүн.

Ал эми жалпысынан 1,3 миллиондон ашык студентти жана 220 миң окутуучуну камтыган 17 өлкөнүн университеттери (Австралия, Улуу Британия, Индия, Ирландия, Канада, Кытай жана Гонконг, Мексика, Нидерланды, Жаңы Зеландия, Сингапур, Чили, Швеция, Швейцария, Япония) кирген Universitas 21 (U21) университеттеринин эл аралык тармагынын глобалдык долбоорунун алкагында 2012-жылдан бери жыл сайын жүргүзүлүп дүйнөдөгү өлкөлөрдүн жо-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



горку билим берүү тармагындагы жетишкендиктерин өлчөгөн изилдөөнүн рейтингине Кыргызстан кирген эмес.

Рейтинг улуттук жогорку билим берүү системаларын төрт топко топтолгон 24 негизги көрсөткүч боюнча баалайт:

– Ресурстар (жеке жана мамлекеттик секторлордун инвестициялары) - 25%.

– Натыйжалар (илимий изилдөөлөр, илимий басылмалар, жогорку билим берүүнүн улуттук эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келиши, анын ичинде окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн кийин ишке орношуусу) - 40%.

– Байланыш (жогорку билим берүү системасынын ачыктыгын же обочолонуу даражасын көрсөткөн эл аралык кызматташтыктын деңгээли) - 10%.

– Айлана-чөйрө (мамлекеттик саясат жана жөнгө салуу, билим берүү мүмкүнчүлүктөрү) - 25% [2.2].

*Таблица 2*

**Улуттук жогорку билим берүү системаларынын рейтинги**

| Рейтинг | Мамлекеттер | Индекс |
|---|---|---|
| 1 | Америка Кошмо Штаттары | 100.0 |
| 2 | Швейцария | 90.1 |
| 3 | Дания | 85.7 |
| 4 | Сингапур | 84.5 |
| 5 | Швеция | 84.3 |
| 6 | Улуу Британия | 83.6 |
| 7 | Канада | 83.2 |
| 8 | Финляндия | 82.8 |
| 9 | Австралия | 82.2 |
| 10 | Нидерланды | 81.6 |
| 35 | Россия | 49.1 |
| 36 | Украина | 47.8 |

Таблицадагы улуттук жогорку билим берүү системаларынын натыйжалуулугунун рейтинги боюнча иреттелген тизмесинде мурдагы постсоветтик мамлекеттерден Россия жана Украина гана кирген.

Мына ушундай жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ата мекендик билим берүү системасы ааламдашуу шарттарында маанилүү ролду ойнору дагы бир жолу далилденди, анткени адам капиталы жана анын ийкемдүүлүгү өлкөнүн өзгөрүп туруучу шарттарга келечекте ийгиликтүү өнүгүү жана ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүгүн аныктайт.

Билим берүүнү модернизациялоого карата системалуу мамилеге келе турган болсок, ар бир өзүн сыйлаган мамлекеттин жалпыланган эмес, так, конкреттүү жазылган билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы болуусу керек.

Кыргызстанда ааламдашуу шартында эркин ишкердүүлүк, рынок экономикасынын тез өсүүсү билим берүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн кескин төмөндөшүнө алып келип койгон.

Ошол себептүү КРнын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому менен «2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы» бекитилип кабыл алынган [1, 1-2-бб.].

Азыркы шартта көптөгөн билим берүү мекемелери имидж түзүүнү ийгиликтүү окуу жайын куруунун маанилүү кадамы катары кабыл алып,өздөрүнүн уюмунун имиджин стратегиялык башкаруу маселелерине чоң көңүл бура баштašты жана өз уюмунун жагымдуу имиджин түзүү үчүн күн санап иштеп келишет.

Бул иш-чаралардын зарылдыгы төмөнкү факторлор менен шартталган:

– окуучуларды кабыл алуу жана контингентти кармап туруу үчүн ар бир билим берүү мекемелеринин арасында катуу атаандаштык жүрүүдө;

– учурдагы позитивдүү имидж билим берүү кызматтарын көрсөткөн уюмдун эң мыкты финансылык ресурстарга, ошондой эле маалыматтык ресурстарга жетүүсүн кыйла жеңилдетет;

– эгерде билим берүү мекемеси жагымдуу имиджин түзсө жогорку квалификациялуу мугалимдер ага артыкчылык беришет. Бул туруктуулуктун, социалдык коргоонун, ошондой эле жумуштан канааттануу жана адис катары өсүүнүн деңгээлинин ишенимин актайт [3, 25-26-бб.].

Билим берүү уюмунун имиджин түзүү маселеси түздөн-түз башкаруу тармагына тиешелүү жана башка башкаруу инновациялары сыяктуу эле, төмөнкү компоненттерди камтыйт:

**- Мотивациялоочу-максаттуу компонент.** Ал билим берүү мекемесинин ички жана тышкы имиджин түзүүдө педагогикалык практиканын бардык субъекттеринин керектөөлөрүн изилдөөнү камтыйт. Бул этапта процесстин бардык катышуучуларынын алдыдагы ишке психологиялык даярдыгы аныкталат, болгон тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле башкаруу инновациясынын милдеттерин жана максаттарын

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



аныктоо, аны ишке ашыруунун натыйжалары каралат.

- **Мазмундук компонент**. «Билим берүү уюмунун имиджи» түшүнүгүн, анын түзүмдүк компоненттерин, алардын касиеттерин, маалыматтык материалдардын мазмунун тандоо критерийлерин жана алардын дизайнын аныктоого мүмкүндүк берет.

- **Технологиялык компонент**. Инновацияны ишке ашыруу этаптарынын белгилүү ырааттуулугу, субъекттин сунушталган өзгөртүүлөргө технологиялык даярдыгы, ошондой эле аны колдонуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Күчтөрдү жана ресурстарды текке кетирбөө жана аткарылган иштен максималдуу натыйжа алуу үчүн билим берүү уюмунун имиджин түзүүнүн төмөнкү этаптарын сактоо маанилүү:

- **Миссияны аныктоо.** Билим берүү кызмат көрсөтүү индустриясынын өзүнүн уникалдуу эрежелери бар, андыктан адегенде билим берүү мекемесинин негизги идеясын, негизги концепциясын түшүнүү керек. Артыкчылыктарга жана кемчиликтерге объективдүү баа берүү маанилүү. Мыкты жактарын алдыга жылдырып, алсыз жактарын жоюу керек.

- **Максаттуу аудиторияны аныктоо**. Миссиянын үстүндө иштөөдө максаттуу аудитория ким экенин түшүнүү маанилүү: бул ички жана тышкы стейкхолдерлер, алар эң беделдүү субъекттер болуп саналат, анткени алар уюмга объективдүү баа берүүгө жана басымдуу коомдук пикирди өзгөртүүгө жөндөмдүү [7, 17-19-бб.].

**Пландоо.** Бул этапта окуу жайдын имиджин калыптандырууга багытталган конкреттүү иш-чаралардын планын иштеп чыгууга көңүл буруу керек. Бул окуу жайдын символикасын түзүү, дресс-код, бизнес этика боюнча окутуу ж.б.у.с.

**Пландаштырылган иш-чараларды ишке ашыруу.**

**Мониторинг.** Бул аракет алынган натыйжаларды коюлган максаттар менен салыштыруудан турат.

Ушуга байланыштуу, бүгүнкү күндө заманбап билим берүү барган сайын коммерциялашкан кызмат катары каралып жаткандыктан, бул чөйрөдө кызмат көрсөтүүлөрдүн кайсы классикалык өзгөчөлүктөрү колдонула тургандыгы жана билим берүү кызматынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды кандайча өзгөртүү керектиги аныкталышынын зарылдыгы келип чыкканы айгиленди.

Биздин оюбузча абдан актуалдуу маселе болуп окуу процессин жана уюштуруучулук биримдикти күчөтүүчү, кызматкерлердин жүрүм-турумунда ырааттуулукту жаратуучу куралдын түрү катары билим берүү мекемесинин имиджи саналат.

Демек, билим берүү саясатынын милдети – билим берүүнүн жаңы имиджин социалдык тейлөө чөйрөсү катары калыптандырууга киришүү, билим берүү мекемесинин корпоративдик маданиятын түзгөн баалуулуктардын, ишенимдердин жана нормалардын тийиштүү системасын бекемдөө, ошондой эде студенттер менен кызматкерлердин жүрүм-туруму жана иш-аракеттерине багыт берүү.

**Адабияттар:**


1. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 4 мая 2021 года №200. Программа развития образования в Кыргызской Республике на 2021-2040 годы.
2. http:hdr.undp.org/ United Nations Development Programme. Рейтинг стран мира по индексу уровня образования.
3. Моисеева Н.К. Маркетинг и конкурентоспособность образовательного учреждения / Н.К. Моисеева. / Маркетинг. - 2009. - №5. - С. 77-81.
4. Резник Г.А., Колесникова А.С. Имидж как фактор конкурентоспособности вуза / Г.А. Резник, А.С. Колесникова. // Проблемы социально-экономической устойчивости региона: сборник статей XI Международной научно-практической конференции. - 2014. - С. 60-65.
5. Резник Г.А., Савенкова, Ю.С. Формирование программы лояльности как фактор конкурентоспособности вуза / Г.А. Резник Ю.С. Савенкова. // Проблемы теории и практики управления. - 2009. - №2. - С. 83-92.
6. Резник Г.А., Курдова М.А. Особенности современного университетского образования в условиях глобализации. // Экономика и предпринимательство. - 2013. - №7. - С. 153-156
7. Савенкова Ю.С., Советкина А.А. Управление конкурентоспособностью вуза в современных социально-экономических условиях. // Вопросы образования. - 2009. - №4. - С. 182-198.
8. Турсалиева Г.Ж. проблемы формирования корпоративного имиджа образовательных учреждений. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. - С. 46-50.